Кырэр Хайруллах,
БГУ

КЫРГЫЗ-ТҮРК ТИЛДЕРИНДЕГИ КААДА-САЛТКА БАЙЛАНЫШТУУ ЭТНОГРАФИЯЛЫК СӨЗДӨР

Бул макалабызга киришүүдөн оболу, каада-салт деген сөздүн терминдик маанисине жана этимологиясына бир аз токтоло өтөлү. Бул сөздүн лексикалык маанисине кайрылсак, проф. К Карасаев "каада" деген кыргыз тилине араб тилинен өздөштүрүлгөнүн жана кыргыз тилинде: 1) Салт, жосун, эреже; 2) адат, өнөкөт деген маанилерде колдонуларын белгилейт[1]. Ушундан улам, бул сөз арап тилиндеги قاعدة [кааъида] эреже деген сөзүнөн алынган деп айтууга болот. Ал эми "салт" деген сөз, биздин пикирибизге, нукура түрк тилине таандык сөз болуп саналып, 1) муундан муунга өтүп, кайталанып келеткан мурас; 2) калыптанып калган тартип деген ма-

анилерди туюнтат. Демек, каада-салт деген – бул, тигил же бул элдин муундан муунга өтүп, калыптанып калган турмуш-тиричилик эрежелери.

Бул эрежелердин басымдуу бөлүгү ошол эл карманган динден алынып, инсан төрөлгөндөн өлгөнчө чейинки, дээрлик, бүт жашоосун өз ичине камтыйт. Андыктан, биз бул макалабызда кыргыз-түрк тилдериндеги этнографиялык сөздөрдү ушул тартипте баяндоону максатка ылайык деп таптык жана алар төмөнкүлөр:

1. <u>Азан айтып, ат коюуу.</u> Мындагы “азан” сөзү араб тилинин “чакыруу”, “угузуу” деген маанидеги أذان [азаан] сөзүнөн өздөштүрүлгөн. Андыктан бул этнографиялык түшүнүк кыргыздарга да, түктөргө да бирдей таандык болгон ислам дининен алынган салт болуп эсептелет. Ислам дининде Пайгамбарыбыздын хадисине ылайык, бала төрөлгөндө, оболу, оң кулагына азан, сол кулагына коомат айтып, андан соң ага ат коюу керек. Андыктан бул эреже - бир эле кыргыз, түрк элине гана эмес бардык мусулман элдерине бирдей таандык салт.

2. <u>Сүннөткө отургузуу.</u> Сүннөт деген араб тилинен алынып, мунун түпкү лексикалык мааниси “эреже”, “мыйзам” дегенди туюнтат. Исламдын келишим менен бул сөз диний териминдик мааниге ээ болуп, ал Пайгамбарыбыздын (САВ) оозеки айтуу, же өзү ар дайым аткарып жүрүү менен элдерге көрсөтүп кеткен турмуш-тиричилик жана диний эрежелердин жыйындысы дегенди билдирип калган. Пайгамбарыбыздын хадисине ылайык жаңы төрөлгөн эркек балага жети күн толгондо аны сүнөткө отургузуу керек. Албетте, бул салты эл түз эмес, “сүннөткө отургузуу” деп кыйыр түрдө атап койгонунун негизги себеби - бул уяттуу деп эсептелип, кеп маданиятынын нормаларына жооп бербеген жагымсыз сөздөрдү атабоо.

3. <u>Жентек той.</u> Бала төрөлгөндө элден бата алуу үчүн, эл чакырылып, берилчү той. Бул тойдун кыргыздарда минтип аталып калышынын себеби, анда келгендерге сары май кошуп, жүгөрүнүн талканынан жасалган жентек деп аталган таттуу берилет. Бул таттуу бир гана бала тойлорунда жасалып, башка учурларда дээрлик жасалбайт. Чынында, бала тойдо бул таттууну жасоо кайдан келип чыкканы бизге да белгисиз. Ал эми бала той өзү исламда材 дининде да бар, жана ал арабча “акыйка” деп аталат. Ислам эрежеси боюнча бала төрөлгөндө уул болсо эки кой, кыз болсо бир кой союп, той өткөрүү керек.

4. <u>Тушоо кесүү.</u> Кыргыз тилинде минилип жүргөн атты отко койгондо басып жүргүдөй, бирок алыс кетип калбагандай кылып алдыңкы эки бутун байлап койгон жип тушоо деп аталат. Ал эми “тушоо кесүү” деп эми гана буту чыгып, там-туң басып калган балага элден бата алып берүү үчүн өткөрүлгөн тойду аташат. Бул тойдо ал баланын бутунан тушап койуп, тойго келген элдерди жарыштырат жана биринчи чыгып келген киши баланын бутундагы тушоосун кесет. Ушундан улам салтка айланган бул той тушоо кесүү тойу деп аталат.

5. <u>Кудалашуу.</u> Кыз жигиттин баш кошуусу үчүн ата-энелердин макулдашуусу. Проф. О.Каратаев менен С Эралиевдер түзгөн “Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк” деген эмгекте бул этнографиялык терминдин уңгусу болуп саналган “куда” сөзү чет тилинен өздөштүрүлбөгөн, нукура түрк тилине таандык сөз экендиги: “Термин байыркы кыргыз доорунан эле белгилүү. Хакас тилинде “худа”, “худагай” деп аталат.[2]” – деп белгиленет.

Албетте, кудалашуу негизинен кыз-жигит бойго жеткен кезде болот. Бирок кыргыздарда муну менен катар анын бел куда, бешик куда деген түрлөрү да болгон. Ата-энелер өздөрүнүн туула элек балдарын келечекте баш коштурабыз деп кудалашып коюшса, бул “бел куда” деп аталган. Эгер алар балдары бешиктен чыга элек кичинекей кезинде, баш коштурабыз деп бири-бирине сөз беришсе, “бешик” куда деп аталган. Булардан сырткары бул элде кудалашуунун “кайчы куда” деген да түрү бар: эки үй-бүлө бири-бирине кыз беришип, кыз алышса, була кайчы куда деп аталат.

6. <u>Кыз ала качуу.</u> Биздин пикирибизче, адам укугун тебелөөгө жол берген, терс көрүнүштөгү бул салт, кийинчерээк Советтер Союзунун доорунда гана келип чыккан жана учурда массалык мүнөзгө ээ. Себеби кудалашуудан кескин айырмаланган бул салтка ылайык эки жаштын баш кошуусу ата-энелердин алдын ала макулдашуусуз, кээде кыздын да макулдугусуз ишке ашат. Ислам дини болсо мунун баарына тыюу салат. Андыктан бул салт коомдо диндин ролу дээрлик жокко чыгарылган, Коммунистик партиянын бийлиги өкүм сүрүп турган мезгилде пайда болгон деп ойлойбуз. Бул салтка ылайык үйлөнүү “кыз куу”, “ачуу басты” деген каадаларды өз ичине камтыйт. Үйлөнчү жигит өз достору менен кызды, көбүнесе, ой-бойуна койбой күч менен ала качып кетет. Андан соң муну кыздын үй-бүлөсүнө кабарлайт. Муну уккан кыздын апасы, кызды кайтарып алып келгиле деп кыздын жеңелерин жөнөтөт. Муну кыргыздар “кыз куу” деп аташат. Ала качып кеткен жигиттин ата-энеси кыздын артынан кууп келген жеңелерди кийит кийгизип, эптеп көндүрүп, кайтаргандан соң, кыздын ата-энесин көндүрүү үчүн белгилүү суммадагы акча, белек-бечек алып алардын алдына түшөт. Муну “ачуу басар” деп коёт. Мында баланын ата-энеси менен кыздын ата-энеси бир пикирге келе алышса, кыздын калыңы бычылып, өткөрүлчү үйлөнүү тоюу белгиленет.

7. <u>Отко киргизүү.</u> Жаңы келген келинди, кайын агалары, өкүл атасы ж.б. кайындары атайын чакырып сыйлоо салты. Чакырылган келин күйөөсү, кайын атасы, кайын энеси, жеңелери болуп сепке келген буюмдардан ырымдап белек алып барышат. Сый тамак ичилгенден кийин отко киргизген адам келинге мал же буюм энчилеп берген.Ошондон кийин келин отко киргизген кишиден качпай, анын үйүнө эркин кирүүгө акылуу болот. Бул салттын от менен аталып калышын О.Каратаев менен С.Эралиевдер байыркы отко сыйынган зорастризм динине байланыштуу болуш керек деп эсептешет. Муну менен катар Б. Мурзараимов өзүнүн “Кыргыздардын исламга чейинки диний ишенимдери” деген макаласында: «Оттун тазалыгына ишенген түрктөр жаман арбакты кууш үчүн отту пайдаланышкан” - деп белгилейт[3]. Мунун да бул салт менен байланышы болушу мүмкүн.

8. <u>Өкүл ата.</u> Өкүл деген сөз араб тилинин وكيل [вакиил], ишеним берилген адам деген маанидеги сөзүнөн алынган. Кыргыздарда баш кошкон эки жашка нике кыюу жөрөлгөсүнө кыздын ата-энеси катышпайт. Андыктан алардын ордуна, кыздын ата-энесинин өкүлү катары башка бир жубайлар дайындалат жана алар өкүл ата, өкүл апа деп аталат.

Биздин пикирибизче,бул салт ислам дининен келип чыккан болуш керек. Себеби исламда кыздын ата-энесинин же алардын ордун баскан ишенимдүү адамынын макулдугусуз нике, нике болуп саналбайт деген маанидеги хадис бар. Бул хадис кыз, өз ата-энесине же алардын ордун басып, аны карап жүргөн адамына айтпай туруп, алардын макулдугусуз жашыруун

турмушка чыгып алууга болбойт дегенди билдирет. Мындан көрүнүп тургандай, өкүл ата, өкүл апа салты бул диний эрежеден бир аз өзгөрүп кеткен.

9. <u>Тазия.</u> Кыргыздарда бул этнографиялык термин көзү өткөн адамды жерге берүү жөрөлгөсү деген мааниде колдонулат. Кыргыздардын салтына ылайык адам көзү өтсө, айыл-апа, бала-чака, урук-тууган, жек-жааттарынын баарына кабар бердирет. Анан боз үй тигип, маркумдун сөөгүн боз үйгө алып чыгып коёт да, кабар берилгендердин баары келгиче, сөөктү жерге бербей үч күнгө чейин күтөт. Киши кайтыш болгондун алгачкы эле күнүндө бир жылкы союлуп, тазияга келгендердин баарына тамак-аш тартылат. Тазияга келгендер өкүрүп келет да, боз үйдүн сыртында отурган маркумдун эркек балдары, урук-туугандары аларды өкүрүп, ал эми боз үйдүн ичинде отурган аял кишилер кошок айтып тосуп алышат. Ошентип маркумду жерге бергиче, т.а., үч күнгө чейин, ага куран окулуп, дуба да кылынбайт.

Негизи, бул сөз “көңүл айтуу”, “сооротуу” деген маанини берген араб тилинин تعزية [таъзия] сөзүнөн алынган. Бирок кыргыздардын маркумду узатуу жөрөлгөсү ислам шариятында көрсөтүлгөндөн бир топ айырмаланат. Ислам шарияты боюнча маркумду дароо жерге берүү керек жана макумдун бала-чакалары, урук-туугандары сөөк чыккан үйдө үч күнгө чейин аза күтүшөт. Андыктан алардын азасын бөлүшүп, көңүл айтып келишкен адамдар ал үйдөн тамак ичпеши керек. Тескерисинче, коңшу-колоңдору бул аза күтүп жаткан адамдарга тамак-аш алып келип, берип турууга тийиш.

Адабияттар

1. Каратаев О. К., Эралиев С. Н. Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк. -Б.: “Бийиктик”, 2005.

2. Юдахин К. К. Кыргызча-Орусча сөздүк. “Советская энциклопедия” басмасы, -М., 1965.

3. К. Карасаев. Өздөштүрүлгөн сөздөр. Кыргыз совет энциклопедиясынын башкы редакциясы – 1986.

4. // “Билим жана маданият” журналы №1 июль 2014.

5. Баранов Х.К. Арабско-Русский словарь. Издание седьмое. -М., 1989.